КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-13/2464
« 28 » 09 2017 ж/г

**Кыргыз Республикасынын
шайлоо жана референдум
откоруу боюнча борбордук
комиссиянын торайымы
Ш. Н. Кармабековнага**

**Урматтуу Нуржан Кармабековна!**

Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер Омурбек Бабановдун 28 сентябрь 2017 жылы Ош шаарынын Амир-Темур (Он-Адыр) кичи районунда эл менен жолугушуусун чагылдырган онлайн турундо алып беруу менен таанышкан Кыргызстандын жарандары озулорунун Бабановго нааразычылыктарын билдирип жатышат.

Ал жолугушууда Бабанов эл алдында чыгып суйлоп улуттар аралык араздашууну кучотуп "Озбек калкым, чоголоп туруп жашаганча тике туруп олгон жакшы" деген создорду айтып, ага кошумча "Баардыгынар бирге болсонор, бироонорду уруп атса бардыгынар каршы турсанар эч ким силерге каршы тура албайт. Элди бул сел дейт, эл турганда сел болуп агызып кетет. Бардыгынар озбек калкына чалгыла, бир туугандарынарга чалгыла бир милиция бир озбек калкына тийишсе ал кызматынан кетет, мен соз берем" деген создорун айткан. Анан Бабановдун бул чагымчыл созун уккандан кийин эмоцияга алдырып элдин арасынан озбек улутундагы аксакал чыгып ал дагы томондогудой чагымчыл создорун айтты: " Депутатпы, же Президенттикке койгон кандидатпы кайсыл жерде суйлосо "кыргыз элим" деп суйлойт. Мына Бабановду беш жылдан бери мен коруп журом "Кыргызстан элим жашасын" деп суйлойт. Биздин суйуктуу Кыргызстаныбызда кыргыздан башка эл жокпу? Эмнеге бардыгы "Кыргыз элим" деп суйлойт. Бабанов "Кыргызстан эли" деп суйлойт. Ушундай адамдын ботинкасын жалап коем" деген создорун айтып ал жерде чогулган миндеген адамдарды ого бетер козутту.

Эгер ал аксакал айткандай Бабанов "Кыргызстандын эли" деп суйлосо мен эч дооматым жок эле. Бирок Бабанов ошол жерде эле суйлоп жатып "Озбек калкым, озбек элим" деген терминдерди колдонуп озбек туугандарга жагынып, "Кыргызстандын эли" деп суйлобой, озбек аксакал айткан созду ошол жерден тогунго чыгарып жатат. Ошол эле озбек аксакалы "Кыргыз элим" деп башкалардын суйлогонун сындоо менен бирге эле Бабанов "Озбек элим" деп жатса анын бут киймин жалаганга чейин барып жатат. Ошол аксакал айткан созго жараша улуттар аралык мамилени курчутпай Бабанов "Кыргызстандын эли" деп эле суйлой бербейт беле.

Мына ушундай улуттар аралык араздашууну кучоткон жана эки бир тууган элдин мамилесин чыналткан Бабановдун создору бут Кыргызстан элине ватсап жана соцсеттерден желдей тарап, уккан элдердин

наразылыгын жаратууда. Ага далил катары Талант Сагынбаев деген кыргыз жараны ютуб каналы аркылуу кыргыз коомчулугуна жар салууда. Мындай жазган адамдардын саны минут сайын кобойуудо.

Мындан тышкары ошол эле жолугушууда элге белгилуу куудул Бороончу Кудайбергенов чыгып суйлоп " Казахстандын Президенти Бабановду озу чакырып Президент боло электе эле келип кетин деп жатат. Мына ал Кыргызстанга жаны, жаш Президент келээрин билип чакырып жатат" деген мааниде чакырык жасаган. Бабанов Бооронччунун ошол жердеги Назарбаевге карата айткан чакырыктарын угуп туруп, анын мыйзамга каршы келээрин билип туруп токтотуп койбостон же ага туура комментарий берип койуунун ордуна мыйыгынан кулуп, куудулду колдоп маашырланып турганы мени туйшолтот. Бороончу озу Назарбаевге Бабановдун жолукканы тууралуу ал жерден айтпайт эле. Элге белгилуу куудулду пайдаланып озунун Назарбаев менен жолукканын элге Бабанов озу айттырып жаткандыгы козу сокур адамга да белгилуу. Ошентип Бабанов буга чейин сиздерге арызданган Кыргыз мыйзамдарынын беренелерин дагы эле одоно бузуусун улантууда.

Мындан тышкары 28 сентябрь 2017 жылы кечки саат 21-00 дон кийин Бабановдун жеке менчик каналынан Бабанов менен тандемге барып келечекте Премьер министр болуучу Торобаевдин Ош шаарындагы бир клубда эл менен болгон жолугушууда ал дагы Бабановдун Назарбаев менен жолугушуусу тууралуу айтып Бабановду Назарбаев колдой тургандыгын айтып элдин ага добуш беруусун отунду. Торобаевдин бул аракети да мыйзамды одоно бузаарын расмий билидирем.

Муну менен бирге эле НТС каналы Сооронбай Жээнбековду бир жактуу каралап "Бабановдун жолугушуусуна бийлик бут тосуп жатат" деп эч далили жок беруулорду бир жактуу берип берип элдин башын айлантууда.

**Ошондуктан урматтуу Борбордук шайлоо комиссиясынын мучолору ! Сиздерден томондогудой отунуч кылам.:**

1. Бабановдун жогорудагы Он-Адырдагы айткан улуттар аралык мамилени кучотууучу создоруно туура баа берип, ага эскертуу эле бербестен Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкердиктен алып салуу маселесин карашынарды суранам.

Мындай адам олконун башына келсе олкодо согуш болуп, улуттар аралык жанжал тутанып, мурда болгон Ош окуясы кайталанып, олкобуз кайрадан кайгылуу июнь окуясына кайтып барышы толук мумкун.

Ош шаардык ички иштер башкармалыгы атайын билдируу таратып Бабановдун бул суйлогон создорун оз алдынарча таратуудан кармангып

турууну суранган. Ал кайрылууда «Сиздер улут аралыккастыкты козутууга салым кошуп калышыныздар мумкун» деген маалыматты оз убагында таартты. Мына ушул маалыматтан эле Бабановдун суйлогон соз кандай кооптуу экендигин байкаса болот.

Айтылуу апрель окуясынан кийин Президент Атамбаев баштаган жаны бийликтин аракетинин натыйжасында 2010 жылы тутанган улуттар аралык жанжал басылып, жабыркагандарга жуздогон уйлор салынып, улуттар аралык мамиле калыбына келип эми бир тууган эки эл тынч жашай баштаганда бийликке жетуу учун кан коксоп жаткан Бабановдун аракети улуттар аралык мамилеге чон кедергисин тийгизиши мумкун.

2. Кыргыз мыйзамдарын бузуп башка олконун Президентинин атын колдонууга системалуу турдо аракет кылып жаткан Бабановдун жана анын ишенимдуу адамы Бороончу Кудайбергеновго дагы эскертуу берип коюшунарды суранам.

3. Озу мыйзамчы болуп туруп мыйзамдарды бузуп жаткан Президенттикке талапкер Торобаевге да тиешелуу чара корушунорду суранам.

4. Мындан тышкары туура эмес маалыматтарды таратып жаткандыгы учун Бабановдун НТС жеке каналына карата чара коруп аккредитациядан алып салуунарды отуном.

Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясы менин Бабанов тууралуу жазган арыздарымды дагы эле канаатандырбаса анда БШК нын устунон сотко кайрылаарымды расмий билдирем.

**Сиздерди сыйлоо менен,**

**Борбордук Азия мамлекеттериндеги адам укуктары боюнча Конгресстин координатору** **Турсунбек Акун**